**«Бекитемин»**
**Кыргыз Республикасынын Президентинин**
**Ош облусундагы өкүлүнүн аппаратынын жетекчиси**
**Самидин уулу Сабыр**

___________________________
« 18 » ___апрель___ 2024-ж.

# АКТ

**илимий-изилдөө, илимий-техникалык иштердин (же) илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын иш жүзүнө ашыруу жөнүндө**

**1. Автору:** Керимбаева Тынара Эркинбековна- М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин “Экономика жана финансы” кафедрасынын окутуучусу.

**2. Илимий-изилдөө, илимий-техникалык иштердин (же) илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердүүлүктүн аталышы.**

“Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарбасынын мисалында)” аттуу темадагы 08.00.05. – “Тармактык экономика» адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертация.

**3. Кыскача аннотация.** Илимий-изилдөөнүн максаты болуп Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарбасынын мисалында реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууга багытталган теориялык-методологиялык негиздерди жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

Региондун айыл чарбасын өнүктүрүүдөинвестициялык жагымдуулукту жогорулатуу менен тармактын айыл чарба субъекттеринин натыйжалуулугун, атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу аркылуу өндүрүлгөн продукцияларынын өндүрүү жана сатуу көлөмүн көбөйтүү, экспорттук потенциалын жогорулатуу менен жаңы рынокторго чыгуу мүмкүнчүлүктөрү каралган.

Кандидаттык диссертацинын тамасы боюнча изилдөөнүн жыйынтыгында экономиканын реалдуу секторунун, анын ичинде айыл-чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун манызы жана мазмунун, анын денгээлине таасир эткен факторлорду жана бул тармакка инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлөрдүн тажрыйбасынын негизинде бул багытта мамлекеттик колдоо, аларды стимулдаштыруу жана

оптималдаштыруу механизмдери негизделген жана айыл чарбасынын туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылууда технопарктарды, соода логистикалык борборлоду жана кластердик негизде бири бири менен байланышкан тармактардын интеграциясынын түзүмүнкиргизүү негизделген, о.э айыл чарбасынын инвестициялык өнүгүү стратегиясы сунушталган.

Изилдөөнүн жыйынтыктарын Ош облусунун жана башка региондордун айыл чарба тармагындагыинвестициялык өнүгүүсүн пландаштырууда жана ишке ашырууда колдонсо болот.

**4. Иш жүзүнө ашыруунун натыйжасы.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун реалдуу секторунда, анын ичинде айыл чарбасында инвестициялык иш аракеттерди жүргүзүү менентармактын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу боюнча Керимбаева Тынара Эркинбековнанын кандидаттык диссертациясынан алынган илимий жыйынтыктар колдонулуп, төмөнкүлөр иш жүзүнө ашкандыгын күбөлөндүрөбүз:

1) Региондо жагымдуу инвестициялык климатты түзүү үчүн аймактын айыл-чарбасынын динамикалык өнүгүүсүн камсыз кылууда Ош облусунун 2030-жылга чейинки мезгилге айыл-чарбасындагы инвестициялык саясатынын багыттарын аныктоо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын, бизнес-коомчулуктун өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар жактардын тышкы жана ички инвестицияларды тартуу жаатындагы иш-аракеттерин координациялооүчүн “Ош облусунун 2025-2030-жылдарга айыл-чарбасын инвестициялык өнүктүрүү программасынын” долбоору иштелип чыкты;

2) Региондун айыл-чарбасына инвестицияларды тартуу жана насыялоо аркылуу региондук дүн продуктусунун көлөмүн жогорулатуу үчүн көп фактордук корреляциялык-регрессиялык анализди колдонуу аркылуу Ош облусунун РДПнын 2030-жылга прогнозу жасалды;

3) Региондо илимий инвестициялык-инновациялык технопаркын жана инновациялык-инвестициялык негизде иштеген айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн ассоциациясын түзүү сунушталды;

4) Ош облусунун айыл чарбасына инвестицияларды тартуу менен айыл чарба өндүрүшүнүн көйгөйлөрүн чечүүнү камсыздоо жана инфраструктура тутумун өркүндөтүү үчүн Региондук кластердик саясаттын модели жана анын алкагында интеграцияланган тутумду уюштуруу сунушталды.

**5. Иш жүзүнө ашыруунун орду жана убактысы.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы өкүлүнүн аппараты, 2024-жыл.

**6. Иш жүзүнө ашыруунун формасы.** Изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонуу Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы өкүлүнүн аппаратында Ош облусунун социалдык-өнүгүүсүнүн стратегиясын тузуудо, айыл чарбасына инвестицияларды тартуу жана аны өнүктүрүүдө, Региондук кластердик саясатты түзүүдө мүмкүндүк берди.

**КР Президентинин Ош облусундагы өкүлүнүн аппаратынын экономика жана регионду комплекстүү өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Баймбетов Б.С.**

**КР Президентинин Ош облусундагы өкүлүнүн аппаратынын экономика жана регионду комплекстүү өнүктүрүү бөлүмүнүн агрардык өнүгүү секторунун башчысы Абдирашитов А.С.**